83.3
К-14

Асек Казиев



# Аңкоо жигит куу шайтан

(Тамсилдер)

Бишкек 2017

~~430 | 26/II~~

~~409 | 11/X~~

480 – 25/X

Зак. 90—500000

83.3
Б-14

# “Аңкоо жигит куу шайтан”

Байлык издеп бир жигит,
Чыккан экен сапарга.
Жолдо кетип баратып,
Жолугуптур шайтанга.

Шайтан ойлойт ичинен:
“Шерик болуп алайын.
Адаштырып жолунан,
Азапка бир салайын”.

Деди дагы ал шайтан,
Адам болду кубулуп.
Алдын тосту жигиттин,
Көздөн жашы куюлуп:

1181

Үйгө мени жеткирсең,
Укмуштуудай бай кылам.
Баш коштуруп кызыма,
Бир өлкөгө хан кылам.

Муну укканда жигиттин,
Көзү күйүп жайнады.
Аркасына көтөрүп,
Алмак болду шайтанды.

Дос болууга түбөлүк,
Экөө колду кысышты.
Касам ичип шерттешип,
Бирге жолго чыгышты.

Бара жатып бир кезде,

Шайтан сурайт жигиттен:

-Багып сени чоңойткон,

Барбы, - деди, - ата энең?.

Анда жигит жооп берет,

Алар абдан карыган.

Ата-энеме чынында,

Абдан катуу таарынгам,

Сапарлашым сырымды,

Сага айтпасам болбостур.

Баласына жеткидей,

Байлык жыйнап койбоптур.

Жыйнап байлык койгондо,

Жер кыдырмак эмесмин.

Жатып алып ичип-жеп,

Жыргап жашай бермекмин,

Эл ичинде калышты,

Эптеп күнүн көрүшөр.

Ажалдары жетишсе,

Ага-тууган көмүшөр.

Шайтан бир топ ойлонуп,

Суроо берди кайрадан:

- Кайда калды балдарың,

Кан-жаныңдан жаралган.

Анда жигит мындай дейт:

-Алар калды айылда.

Атам салган бир кезде,

Эски, жаман тамында.

Энеси бар жанында,

Эптеп багып чоңойтор.

Кайнатам бар кадырлуу,

Каралашып торолтор.

Бирге жүргөн эки дос,

Бийик белге чыгышты.

Өзөк жалгап алууга,

Өргүү кылып тынышты.

Шайтан карап жигитке:
-Дагы суроо берейин.
Курбу-курдаш бир өскөн,
Кайда калды мекениң?

Анда жигит жооп берет,
Алыс калды мекеним.
Баардыгына кол шилтеп,
Байлык издеп кеткемин.

"Берем" дедиң жан досум,
Байлыгыңдын жарымын.
Санаа тартып не кылам,
Сатып алам бардыгын.

Муну укканда шайтандын,
Жүзү дароо өзгөрдү.
“Кайыр, кош” деп айтпастан,
Качып алып жөнөдү.

Жигит анда кыйкырат:
-Дос элекго шерттешкен.
Такыр чолгө алып келип,
Таштай качкан бул эмнең?.

Шайтан анда жооп берет:
Иштеп табат байлыкты.
Сатып эч ким ала албайт,
Сары алтынга бакытты.

Эссиз жигит экенсиң,

Эчак жолдон адашкан.

Теңир сага каарданса,

Тийет мага залакаң...

Шайтан качып баратып,

Так ушинтип айтыптыр.

Эссиз жигит ошентүп,

Ээн талаада калыптыр.

## “Мактанчаак карышкыр”

Келе жатып карышкыр,
Көп акча таап алыптыр.
Абдан катуу сүйүнүп,
Ал базарга барыптыр.

Аралады базарды,
Аябады акчаны.
Сатып алды “Мерседес”,
Сары түстүү, жапжаңы.

Эки чака бал берди,
Инспектор аюуга.
Баш оорутуп окубай,
Сатып алды “Права”.

Чыгып алып чоң жолго,
Чымын куюн айдады.
Ылдамдыгы арттырып,
Ырдап коюп баратты.

Карышы алдынан капыстан,
Көрүп калды эшекти.
Качып андан өтөм деп,
Катуу сүздү теректи.

Ременди тагынбай,
Терезеден ыргыптыр.
Катуу жерге жыгылып,
Кар жилиги сыныптыр.

Жаркыраган жапжаңы,
"Мерседестен" айрылып.
Жатат үйдө карышкыр,
Майып болуп кайгырып.

**“Үйрөнгүлө учканды”**

Карагайдын түбүндө,
Көркуп коен олтурган.
Кайкып учуп бутакка,
Келип конду сагызган,

“Саке” - деди коенек,
Орун берчи жаныңан.
Каршы болбой коенго,
Орун берди сагызган.

Түлкү өтүп баратып,
Көрүп калды аларды.
Жагалданып калп күлүп,
Жылуу айтты саламды.

-Орун аслам бутактан,
Ортоңорго батамбы?
Көктөн туруп мендагы,
Көрөйүн, - дейм - ааламды.

Экөө каршы болгон жок,
Түлкү чыкты койкоңдоп.
Орун алып бутактан,
Арам ишти ойлонот.

Келе жатып карышкыр,
Көздүн кырын салыптыр.
Тизилишкен үчөөнү,
Тиктеп карап калыптыр.

Бөрү үчөөнө кеп айтат.
Бирге отурсак жарашат.
Жаныңарга мен дагы,
Отурайын деп айтат.

Каласаңыз келгин деп,
Кайтарды жооп сагызган.
Барктап орун беришти,
Бутактын төр жагынан.

Коен, түлкү, карышкыр,
Олтурушса тизилип.
Аюу көрүп аларды,
Таазим кылды жүгүнүп.

Жашынакай досторум
Жаныңарга барайын.
Кызыгына дүйнөнүн,
Көз кырымды салайын.

Ахалашып баардыгы,
Аюну да чыгарды.
Бир топ экен салмагы,
Бутак ага чыдайбы.

Карс деп бутак сыныптыр,
Катар баары ыргыптыр.
Канат кагып сагызган,
Көктү карай сызыптыр,

1181
БИБЛИОТЕКА
28 537

Ала-була сагызган,

Акыл айтат буларга.

“Үйрөнгүлө учканды,

Отурарда бутакка”.

## "КОЁНДУН ТҮШҮ"

Капустага коенек,
Карды тоюп алыптыр.
Карагандын түбүнө,
Катуу уктап калыптыр.

Укмуш сонун түш көрдү,
Уктап жатып коенек.
Өмүрүндө бир дагы,
Мындай түштү көрө элек.

Жаныбарлар токойго,
Жапырт баары чогулду.
Талашышты бир топко,
Президенттик орунду.

Алгач аюу сөз алып,
Шайлайлы, - дейт, - президент
Калыс бийлик жүргүзөм,
Колдогула мени, - дейт.

Жарабайт деп аюуну,
Каршы чыкты кашкулак.
- Жатып алса кыш бою,
Мунун ишин ким кылат?

Түлкү колун көтөрүп,
Назик сөзүн баштады.
- Болуп калсам президент,
Болот заман жапжаңы!

- Мекендештер! Жаңылбай,
Мени шайлап алгыла.
Кытай тоогун алып келип,
Бекер берем баарыңа!

Жаныбарлар эт жеген,
Жапырт баары колдоду.
Айбанаттар чөп жеген,
Каршы чыгып болбоду.

Бир жумадай талашып,
Бир чечимге келишти.
Буга коен жарайт, - деп,
Баары добуш беришти.

Күмүш такка олтуруп,
Коен ишин баштады.
Арыстанды Ак Үйдөн,
Айдап чыгып таштады.

Президенттин жанында,
Түлкү болду кеңешчи.
Маданият жагына,
Башчы кылды эшекти…

Калыстыктан тайба, - деп,
Карышкырды сот кылды.
Айыл-чарба жагына,
Аюу барып олтурду.

Бийлик колдо турганда,

Бир топ запкы көрдүм,- деп.

Жаныбардын чөп жеген,

Канын далай төктү,- деп.

Арыстандын башына,

Алтын жүгөн тагыптыр.

Таажы кийип башына,

Коен минип алыптыр.

Токой ичин аралап,

Коен жүрдү таанышып.

Кундуз, суусар, кашкулак,

Конок кылды жарышып.

Тамак ташып коенго,

Тейлеп жүргөн кумурска.

Сабиз салат сунам, - деп,

Сайып алды мурунга.

Чочуп кетип коенек,

Атып турду ордунан.

Аары чагып алыптыр,

Коенектин мурдунан.

## “Марска саякат”

## (калп)

Мен айтайын кызыкты,
Мышыгым бар сыйкырчы.
Марска бардым жакында,
Минип алып мышыкты.

Жарыктан да ылдам, бат,
Жылдыздарды аралап.
Жетип Марска биринчи,
Жасап келдим саякат.

Булуттарды аралап,
Ылдый жакты карасак.
Тоолорунан башкасын,
Турат экен суу каптап.

Арнап Ата Мекендин,

Ала баргам желегин.

Сайдым тоонун башына,

Кыргызстан желегин.

Куттукташып жеңишти,

Марстыктар бүт келишти.

Кучак жайып көрүшүп,

Гүлдестесин беришти.

Суу алдында шаары бар,

Сонундардын баары бар.

Жашайт экен ал жерде,

Адам окшош балыктар.

Айлана бүт деңиздер,
Анда-санда кургак жер.
Ташыйт экен жүргүнчү,
Таксист болуп делфиндер.

Баардык жерде сый-урмат,
Балык кыздар ыр ырдап.
Бекер экен ал жерде,
Балдар үчүн балмуздак.

Беш жүз жашта кырыя,
Ошол экен падыша.
Отуз күнү той кылды,
Отургузуп жанына.

Көрсөтүштү сонунду,
Көрдүм концерт оюнду.
Чыга калып мен дагы,
Чертип бердим комузду.

Улуу эл, - деп кыргызды,
Урмат-сыйын кылышты.
Такты менин төшүмө,
Баалуу каухар жылдызды.

Баары менен достошуп,
Кайтым жылуу коштошуп.
Сапар тарттым жериме,
Мышыгымды ойготуп.

## Жети баштуу ажыдаар

Байыркы бир заманда,
Болуптур бир ажыдаар.
Айбанаттан башкача,
Анын жети башы бар.

Бир денеде турса да,
Бирин-бири көрө албайт.
Тамак тапса кокустан,
Тендештирип бөлө албайт.

Ажыдаардын баштары,
Кеңеш курду бир күнү.
Кыш келатат жакында,
Куралы, - деп, - бир үйдү.

Биринчи баш мындай дейт,
- Карагайдан кыялы,
Көргөндөрдү тангалтып,
Көркөмүү үй куралы.

Экинчи баш кыйкырат,
- Мунун тилин албайлы.
Карагай үй өрттөнсө,
Кошо күйүп калбайлы.

Үчүнчү баш сөз баштайт,
Таштан сепил салалы.
Жылда жаңы үй курбай,
Жыргап жатып калалы.

Төртүнчү баш жактырбай,
Тетир сөзүн баштады,
- Таш үй абдан суук болот,
Ойлонгула башканы.

Бешинчи баш чарылдап,
Оюн айтты ал дагы.
Менин тилим алсаңар,
Таштан үйдү салбайлы.

Алтынчы баш кыйкырат,
- Айтканыңар жараксыз.
Токойдогу аюунун.
Үйүн тартып алабыз.

Жетинчи баш кубаныл,
Мунун сөзүн колододу:
- Салабыз деп таш сепил,
Куру убура болбойлу.

Бир чечимге келе албай,
Бир ай жыйын курушту,
Кыш келээрин унутуп,
Күндө беш маал урушту.

Аяз каптап бүт жерди,
Ал аңгыча кыш келди.
Үйү жокту үшүтүп,
Үйү барга тийбеди.

Аюу болсо үнкүрүн,

Бек бектип алыптыр,

Ажыдаарды киргизбей,

Уктап жатып калыптыр.

Киргизбеди үйүнө,

Түлкү менен карышкыр.

Жети баштуу ажыдаар,

Тоңуп өлүп калыптыр.

# АЧ КӨЗ МАМАЛАК

Жашыл токой ичинде,
Жашаптыр бир мамалак,
Ал ар дайым шоктонуп,
Ата-энесин жадатат.

Акыл айтса тыңдабай,
Ата тилин албаптыр.
Агын сууну кечем деп,
Агып кете таштаптыр.

Ээн баштаныp дайыма,
Эне тилин албаптыр.
Тоголонуп ойноймдеп,
Зоодон кулай жаздаптыр.

Энесине билгизбей,
Эрте туруп алыптыр.
Жашыл токой аралап,
Жалгыз кетип калыптыр.

Жер жемиш жеп эркинче,
Жүрдү токой кыдырып.
Ойдо жоктон туш болду,
Окуяга бир кызык.

Бал таап алды бир челек,
Бир бадалдын түбүнөн.
Таттуу балды көргөндө,
Так секирип сүйүнгөн.

Беш манжасын матырып,
Балдан эки-үч сугунду.

Ач көздүгү ашынып,

Абдан напси бузулду.

Чыканактан өйдөрөөк,

Колун балга салыптыр.

Таттуу балдан ошондо,

Колу чыкпай калыптыр.

Бардык күчүн салса да,

Балдан колу чыкпады.

Токой ичин жаңыртып,

"Апакелеп" ыйлады.

Басып келди жанына,

Бал челекчи карыя.

Мамалакты байлоого,

Көргөн экен камылга.

## МАЗМУНУ:


Жигит мене шайтан..............................3

Мактанчаак карышкыр......................12

Үйрөнгүлө учканды............................14

Коёндун түшү......................................19

Марска саякат....................................25

Жети баштуу ажыдаар.......................29

Ач көз мамалак...................................34


1181

70с

УДК 821.51-93
ББК 83.3
К 14

Казиев А.
К 14 Тамсилдер
_Б.:2017. -28б.

ISBN 978-9967-25-418-3

К 4803300200-1

УДК 821.51-93
ББК 83.3
ISBN 978-9967-25-418-3

©Казиев А., 2017